# Корактын козголоңу

САНДАР 16, 17-БӨЛҮМДӨР

Балдарыңарга ылайыктуу жана кызыктуу боло турган тапшырмаларды тандап, чогуу аткаргыла.




## САНДАР 16, 17-БӨЛҮМДӨРДҮ ОКУГУЛА

Андан соң сүрөт түрүндөгү окуяны (онлайн түрүндө же PDF файлын кагазга чыгарып алып) окуп чыгып, аягында берилген суроолорду талкуулагыла.

**ТАПШЫРМА:** «Жахабанын бийлигин урматтагыла» (ор.) деген видеотасманы көргүлө. (Аны DVDден же www.jw.org/ru сайтындагы АДАБИЯТТАР > ВИДЕОТАСМАЛАР деген жерден көрө аласыңар). Андан соң үй-бүлөңөр менен төмөндөгү суроолорду талкуулагыла: 1) Корак менен анын таламдаштарынын берилгендик сактабаганы эмнеден көрүнгөн? 2) Жахабанын бийлигин урматтаарыбызды кантип көрсөтө алабыз?

## КАГАЗГА ЧЫГАРСА БОЛО ТУРГАН ДАГЫ БАШКА ТАПШЫРМАЛАР




### СҮРӨТ ТҮРҮНДӨГҮ ТАПШЫРМА

**БОЁМО СҮРӨТ.** Чыгуу 28:15—21-аяттарды окугула. Анан балдарыңар төш жапкычтагы асыл таштарды боёп, аны кесип алсын да, тагынып көрүшсүн.




### ЫЙЫК КИТЕПТИ ИЗИЛДӨӨ ҮЧҮН ТАПШЫРМА

**БАШ КАТЫРМА.** Кичирээк балдарыңар кошуундардын сүрөтүн кесип, жайгаштырсын. Андан кийин кишилердин сүрөтүн кесишсин. Бош жерге өздөрүнүн сүрөтүн тартып, аттарын жазышсын. Кесилген бөлүктөрдү колдонуп, баш катырманы чогултушсун да, Корак менен болгон окуяны сахналаштырышсын. Ар бир көрүнүш учурунда: «Анын ордунда болсоң, эмне кылат элең?» — деп сурагыла.




### ЧОГУЛТУП, ИЗИЛДЕ

**ЫЙЫК КИТЕПТЕГИ ИНСАН.** Кыскача таржымалды окуп чыгып, балдарыңарга карточкадагы суроолорду бергиле. Андан соң балдарыңар jw.org сайтындагы башка карточкалардын арасынан Леби уруусунан болгон жана Амрам деген кишинин балдары болгон 2 кишини табышсын. **(ЖАРДАМ:** 1 Жылнаама 6:1—3.)

Жообу: Арун, Мириам.

www.jw.org © 2014 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania